*Кыргыз Республикасынын*
*Улуттук статистика комитети*

***Экспресс-маалымат***
2019-жылдын 16-январы

**Кыргыз Республикасынын 2018-жылдын январь-декабрындагы социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн негизги көрсөткүчтөрү**

*(млн. сом)*

| | Иш жүзүндө | 2018 январь-декабры 2017[1] январь-декабрына карата пайыз менен | Маалымдама: 2017[1] январь-декабры 2016 январь-декабрына карата пайыз менен | Айырмачылык (+, - ), пайыздык пункт |
|---|---|---|---|---|
| Ички дүң продукт (алдын ала баалоо) | 557113,3 | 103,5 | 104,7 | -1,2 |
| анын ичинде «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эсепке албаганда | 509140,4 | 103,5 | 105,1 | -1,6 |
| Өнөр жай продукциясынын (иштердин, кызмат көрсөтүүлөрдүн) көлөмү - бардыгы | 250640,1 | 105,4 | 111,5 | -6,1 |
| анын ичинде «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эсепке албаганда | 148443,9 | 107,3 | 121,0 | -13,7 |
| Пайдалуу кендерди казуу | 19812,1 | 108,1 | 178,4 | -70,3 |
| Иштетүү өндүрүшү | 189801,6 | 105,0 | 107,6 | -2,6 |
| Электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) | 38337,8 | 105,0 | 110,1 | -5,1 |
| Суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуу | 2688,6 | 127,7 | 106,6 | +21,1 |
| Айыл чарбасынын, токой чарбасынын жана балык уулоочулуктун дүң продукциясы | 203822,5 | 102,7 | 102,4 | +0,3 |
| Каржылоонун бардык булактарынын эсебинен негизги капиталга инвестиция (капиталдык салымдар) | 150825,9 | 103,3 | 106,6 | -3,3 |
| Курулуштун дүң продукциясы | 153256,9 | 107,8 | 107,9 | -0,1 |

| | Иш жүзүндө | 2018 январь-декабры 2017[1] январь-декабрына карата пайыз менен | Маалымдама: 2017[1] январь-декабры 2016 январь-декабрына карата пайыз менен | Айырма-чылык (+, - ), пайыздык пункт |
|---|---|---|---|---|
| Дүң жана чекене сооданын жалпы көлөмү, автоунааларды жана мотоциклдерди оңдоо | 553623,1 | 105,5 | 108,8 | -3,3 |
| анын ичинде автоунааларды жана мотоциклдерди сатуудан тышкары чекене соода | 286388,7 | 105,1 | 106,2 | -1,1 |
| Мейманканалардын жана ресторандардын кызмат көрсөтүүлөрү | 23834,2 | 107,6 | 108,6 | -1,0 |
| Транспорттун бардык түрү менен жүктөрдү ташуу, миң тонна | 33024,2 | 103,4 | 102,3 | +1,1 |
| Транспорттун бардык түрү менен жүргүнчүлөрдү ташуу, млн. адам | 731,6 | 103,1 | 104,1 | -1,0 |
| Почта жана чабарман ишмердигинин кызмат көрсөтүүлөрү | 716,1 | 101,2 | 101,7 | -0,5 |
| Байланыш кызмат көрсөтүүлөрү | 23510,3 | 92,3 | 80,0 | +12,3 |
| Керектөө бааларынын индекси | | 101,5 | 103,2 | -1,7 |
| - 2017-ж. декабрына карата | 100,5 | | | |
| Катталган жумушсуздардын саны, миң адам | 70,9 | 123,1 | 103,6 | +19,5 |
| Бир кызматкердин номиналдык орточо айлык эмгек акысы[3], сом | 15747 | 105,9 | 106,7 | -0,8 |
| Тышкы соода жүгүртүү[4] | 5967,6 | 106,2 | 111,2 | -5,0 |
| анын ичинде ЕАЭБге мүчө мамлекеттер | 2089,9 | 95,2 | 115,2 | -20,0 |
| Экспорт[4], млн. АКШ доллары | 1533,2 | 100,8 | 111,3 | -10,5 |
| анын ичинде ЕАЭБге мүчө мамлекеттер | 500,1 | 99,5 | 120,4 | -20,9 |
| Импорт[4], млн. АКШ доллары | 4434,4 | 108,2 | 111,2 | -3,0 |
| анын ичинде ЕАЭБге мүчө мамлекеттер | 1589,8 | 93,9 | 113,6 | -19,7 |

[1] Айрым көрсөткүчтөр такталды.
[2] Физикалык көлөмдүн индекси.
[3] 2018-ж.январь-ноябры (чакан ишканаларды эсепке албаганда).
[4] 2018-ж. январь-ноябры (алдын-ала маалыматтар боюнча).

**Кыргыз Республикасынын 2018-жылдын январь-декабрындагы экономикалык жана социалдык өнүгүүсүнүн жыйынтыктарына кыскача түшүндүрмөлөр**

Республиканын экономикалык өнүгүүсүнүн темпинин 2018-жылы жетишкен өсүүсү товар өндүрүү тармагынын 5,1 пайызга жана кызмат көрсөтүү чөйрөсүнүн 2,1 пайызга өсүшүнүн эсебинен камсыздалды.

**Өнөр жай.** Өткөн жылдагы өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмүнүн өсүшү көмүр казуунун (22,0 пайызга), чийки мунайзат жана жаратылыш газынын (17,5 пайызга), кийим өндүрүүнүн (19,8 пайызга), резина жана пластмасса буюмдарын, башка металл эмес минералдык продуктулардын (11,3 пайызга), текстиль өндүрүшүнүн (9,0 пайызга), мунайзат продуктуларынын (8,9 пайызга), тамак-аш азыктарынын (суусундуктарды кошкондо) жана тамекинин (4,7 пайызга) жана негизги металлдардын (4,4 пайызга) көбөйүшүнүн эсебинен камсыз болду.

Электр энергия, газ жана буу менен камсыз кылуунун көлөмүнүн өсүшү электр энергия өндүрүүнүн, берүүнүн жана бөлүштүрүүнүн (5,4 пайызга), ошондой эле газ түрүндөгү күйүүчү майды бөлүштүрүүнүн (10,0 пайызга) көбөйүшүнүн эсебинен камсыздалды.

Ошону менен бирге машиналарды жана жабдууларды (36,5 пайызга), транспорт каражаттарын (18,1 пайызга), металл рудаларын казуу (8,7 пайызга) өндүрүшүндө мурунку жылдын деңгээлинен артта калуу белгиленди.

**Айыл чарба.** Айыл чарба продукциясынын дүң чыгарылышынын көлөмүнүн 2017-ж. январь-декабрына салыштырмалуу өсүшү негизинен жүгөрү данын өндүрүүнүн - 6,0 пайызга, мөмөлөрдүн жана жер-жемиштердин - 4,8 пайызга, буурчак өсүмдүктөрүнүн - 3,9 пайызга, арпа данынын - 2,5 пайызга, жашылча өсүмдүктөрүнүн - 2,4 пайызга жана картошканын - 2,2 пайызга өсүшүнүн эсебинен өсүмдүк өстүрүүчүлүк продукцияларынын (3,4 пайызга), ошондой эле тирүүлөй салмактагы союлуучу мал жана үй канаттууларын (2,1 пайыз), сүт (2,2 пайыз) жана жумуртка (4,4 пайызга) өндүрүүнүн өсүшүнүн эсебинен мал чарбачылык продукцияларынын (2,2 пайызга) көбөйүшү менен шартталды.

**Курулуш.** 2017-жылдын январь-декабрына салыштырмалуу негизги капиталга инвестициялардын көлөмүнүн өсүшү пайдалуу кендерди казуу, электр энергия, газ жана буу менен камсыздоо (жабдуу), суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү, маалымат жана байланыш, билим берүү, ошондой эле искусство, көңүл ачуу жана эс алуу чөйрөсүндөгү объекттерди курууну кошпогондо, ишмердиктин көпчүлүк түрүндө белгиленди.

Ички булактардын эсебинен каржыланган инвестициялардын көлөмү 24,0 пайызга өстү, ал эми тышкы булактардын эсебинен каржыланган инвестициялардын көлөмү тескерисинче 27,8 пайызга төмөндөдү.

Өткөн жылдагы инвестициялардын негизги көлөмү (алардын жалпы көлөмүнүн 76 пайызы) пайдалуу кендерди казуу, иштетүү өндүрүшү, электр энергия, газ жана буу менен камсыздоо (жабдуу), транспорт ишмердиги жана турак жай курулушу боюнча объекттерди курууга багытталды.

**Соода.** Дүң жана чекене соода жүгүртүүнүн, автоунааларды жана мотоциклдерди оңдоонун 2017-ж. январь-декабрына салыштырмалуу көбөйүшү негизинен чекене (5,1 пайызга) жана дүң сооданын (7,5 пайызга) көлөмүнүн өсүшү менен камсыздалды.

Мейманканалардын жана ресторандардын кызмат көрсөтүүлөрүнүн өсүшү негизинен тамактануу ишканалары тарабынан камсыздалды, алардын үлүшүнө жалпы көлөмдүн 86 пайыздан көбүрөөгү туура келди.

**Эмгек акы.** 2018-жылдын январь-ноябрындагы эсептелген орточо айлык эмгек акынын өсүү темпинин жогорулашы мейманканалардын жана ресторандардын ишмердиги чөйрөсүндөгү ишканаларды жана уюмдарды кошпогондо, экономикалык ишмердиктин бардык түрүндөгү ишканаларда жана уюмдарда байкалды.

Орточо айлык эмгек акынын өсүү темпинин эң көп жогорулашы курулушта (10,9 пайыз), маалымат жана байланыш (14,5 пайыз), мамлекеттик башкаруу жана коргоо, милдеттүү социалдык камсыздоо (10,5 пайыз), дүң жана чекене соода, автоунааларды жана мотоциклдерди оңдоо (8,7 пайыз), ошондой эле кыймылсыз мүлк операциялары чөйрөлөрүндө (8,3 пайыз) байкалды.

**Баалар.** 2018-жылдын декабрында мурунку айга салыштырмалуу керектөө баалары жана тарифтери жалпы республика боюнча 0,7 пайызга жогорулады. Ошону менен бирге тамак-аш азыктарынын жана алкоголсуз суусундуктардын бааларынын эң жогорку өсүүсү (1,4 пайыз) катталды. 2018-жылдын декабрында жаңы бышкан жашылчалардын (11,3 пайызга), таруунун (1,5 эсеге) жана куюлуп сатылуучу сүттүн (4,9 пайызга) баалары эң көп өстү.

Азык-түлүк эмес товарлардын баалары 2018-ж. декабрында мурунку айга салыштырмалуу 0,2 пайызга, алкоголдук ичимдиктер жана тамеки - 0,1 пайызга жогорулады. Ошол эле убакта калкка көрсөтүлүүчү кызмат көрсөтүүлөрдүн тарифтери дээрлик өзгөрүлгөн жок.

2018-жылдын декабрында мурунку айга салыштырмалуу Баткен облусун (баалардын 0,5 пайызга төмөндөшү) кошпогондо,

республиканын бардык аймагында керектөө бааларынын жана тарифтеринин жогорулашы байкалды. Ошону менен бирге керектөө бааларынын эң жогорку өсүшү (1,1 пайыз) Нарын облусунда белгиленди.

Керектөө секторундагы инфляциянын деңгээли (жылдык мааниде) 2018-жылдын январь-декабрында 0,5 пайызды түздү (2017-ж. - 3,7 пайыз). 2018-жылы (мурунку жылдын декабрына салыштырмалуу) тамекинин (17,3 пайызга) жана кызмат көрсөтүүлөрдүн (4,1 пайыз) баалары олуттуу өстү. Азык-түлүк эмес товарлардын баалары өткөн жылы 1,4 пайызга, алкоголдук ичимдиктер - 2,8 пайызга жогорулады, ал эми тамак-аш азыктарынын жана алкоголсуз суусундуктардын баалары тескерисинче 2,6 пайызга төмөндөдү.

2018-жылы (мурунку жылдын декабрына салыштырмалуу) аймактар боюнча алганда керектөө бааларынын жана тарифтеринин төмөндөшү Баткен (1,8 пайызга) жана Чүй облустарында (0,3 пайызга) катталды, ал эми алардын максималдуу өсүшү (3,7 пайыз) Нарын облусунда белгиленди. Ошону менен бирге тамак-аш азыктарынын жана алкоголсуз суусундуктардын керектөө бааларынын жогорулашы (1,7 пайыз) Нарын облусунда гана катталды.

**Тышкы экономикалык ишмердик.** 2018-жылдын январь-ноябрында 2017-ж. январь-ноябрына салыштырмалуу *экспорттук жеткирүүлөрдүн* көлөмүнүн 0,8 пайызга өсүшү цементти ташып чыгуунун көлөмүнүн - 4,3 эсеге, кара металлдардын калдыктарын жана сыныктарын - 2,5 эсеге, пахта буласын - 1,5 эсеге, кийимди - 13,7 пайызга, жылмаланган айнекти - 7,0 пайызга көбөйүшү менен шартталды.

Муну менен катар алтындын экспортунун 7,8 пайызга төмөндөшү белгиленди, экспорттук жеткирүүлөрдүн жалпы көлөмүндөгү анын үлүшү 38,8 пайыздан 35,5 пайызга чейин азайды. Ошондой эле баалуу металлдардын рудаларын жана концентраттарын жеткирүү 10,8 пайызга, сүт жана сүт азыктарын жеткирүү - 14,5 пайызга, автоунаалар жана тракторлор үчүн бөлүктөрдү жана тетиктерди жеткирүү - 24,3 пайызга, электр энергия жеткирүү - 28,9 пайызга кыскарды.

2018-жылдын январь-ноябрында 2017-ж. январь-ноябрына салыштырмалуу *импорттук түшүүлөрдүн* көлөмүнүн жогорулашы трикотаж кездемесин - 2,8 эсеге, мөмө-жемиштерди жана жаңгактарды - 1,6 эсеге, кийимге тиешелүү буюмдарды - 1,5 эсеге, булгаарыдан жасалган буюмдарды - 1,4 эсеге, кара металлдарды - 31,9 пайызга, бут кийимди - 26,9 пайызга, жабдууларды жана механикалык түзүлүштөрдү - 24,3 пайызга, пластмасса жана андан жасалган буюмдарды - 22,4 пайызга, кагаз жана картонду - 16,6 пайызга, электр машиналарын жана жабдууларды - 13,0 пайызга көп ташуунун эсебинен камсыздалды.

Ошол эле убакта ташылып келинген сүт жана сүт азыктарынын - 7,0 эсеге, керамикалык буюмдардын - 2,0 эсеге, дан өсүмдүктөрүнүн - 1,9 эсеге, кант жана канттан жасалган кондитердик азыктардын - 13,9 пайызга, жер семирткичтердин - 12,6 пайызга, фармацевтикалык продукциялардын - 11,9 пайызга, кара металлдан жасалган буюмдардын - 5,3 пайызга төмөндөшү белгиленди.

*Республиканын ЕАЭБдин мүчө мамлекеттери менен өз ара соодасынын көлөмү* 2018-ж. январь-ноябрында 2,1 млрд. АКШ долларын түзүп, 2017-ж. январь-ноябрына салыштырганда 4,8 пайызга төмөндөдү.

Ошону менен бирге экспорттук жеткирүүлөр да (0,5 пайызга), импорттук түшүүлөр да (6,1 пайызга) азайды. Республиканын ЕАЭБдин мүчө мамлекеттери менен өз ара соодасынын эң жогорку үлүшү Россия (65,9 пайыз) жана Казакстанга (32,3 пайыз) туура келди.

2018-жылдын январь-ноябрында Россиядан келген товарлардын импортунда негизги үлүштү мунайзат продуктуларынын (37,9 пайыз), кара металлдардын жана алардан жасалган буюмдардын (10,0 пайыз), жаратылыш газынын (3,2 пайыз) түшүүлөрү ээледи. Россияга жөнөтүлгөн товарлардын экспортунда кийим (42,0 пайыз), жездин калдыктарын жана сыныктарын (10,6 пайыз), жашылча-жемиштерди (8,4 пайыз), баалуу металлдардын калдыктарын жана сыныктарын (3,6 пайыз), сут жана сүт азыктарын (2,4 пайыз) жеткирүүлөр басымдуулук кылды.

Казакстандан келген товарлардын импортунда тамекинин (11,0 пайызга), мунайзат продуктулары (8,4 пайызга), кара металл жана андан жасалган буюмдардын (7,4 пайыз), минералдык жана газдалган таттуу суулар (4,9 пайызга), буудайдын (4,0 пайызга), таш көмүрдүн (3,3 пайызга), буудай унунун (2,6 пайызга), ошондой эле цементтин (2,2 пайызга) келип түшүүсү басымдуулук кылды.

Казакстанга жөнөтүлгөн товарлардын экспортунда баалуу металлдардын рудалары жана концентраттары (39,7 пайызы), сүт жана сүт азыктары (6,2 пайызы), кийим (5,7 пайызы), жылмаланган айнек (5,5 пайызы), кант (4,5 пайызы), нан жана нан азыктары (3,9 пайызы), пластмасса идиштер (2,9 пайыз), ошондой эле автоунаалар жана тракторлор үчүн тетиктер жана жабдыктар (2,6 пайызы) негизги товарлар болуп саналды.

# Кыргыз Республикасынын негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрүнүн өзгөрүүсү

## Ички дүң продукт
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эске албагандагы ички дүң продукт
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Өнөр жай продукциясы
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эске албагандагы өнөр жай продукциясы
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Айыл чарбасынын дүң продукциясы
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Негизги капиталга инвестиция
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*



## Керектөө бааларынын индекси

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




*(мурунку жылдын декабрына карата пайыз менен)*




## Номиналдык айлык орточо эмгек акы

*(сом)*




## Реалдуу эмгек акы

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Импорттун көлөмү

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Экспорттун көлөмү

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*



**ЕАЭБга мүчө-мамлекеттерден болгон импорттун көлөмү**
*(мурунку жылдын тиешелүү мезгилине карата пайыз менен)*



**ЕАЭБга мүчө-мамлекеттер менен болгон экспорттун көлөмү**
*(мурунку жылдын тиешелүү мезгилине карата пайыз менен)*



## Дүң жана чекене соода жүгүртүүсү
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*



**Төрага** **А.Ш. Султанов**